*Ташматова Н.К.*

# БАТКЕН «АК-ТУРПАК» КҮРҮЧҮНҮН ОТОО ЧӨПТӨРҮ ЖАНА АЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ ЖОЛДОРУ

*Ташматова Н.К.*

# СОРНЯКИ БАТКЕНСКОГО РИСА «АК-ТУРПАК» И БОРЬБА С НИМИ

*N.K. Tashmatova*

# WEEDS OF BATKEN RICE «AK-TURPAK» AND THE FIGHT AGAINST THEM

*УДК: 537.86.535.124*

*Бул макалада Баткен областында өстүрүлгөн «Ак-Турпак» күрүчүнүн жана башка сортторунун отоо чөптөрү боюнча маалыматтар келтирилген. Отоо чөптөргө жалпы мүнөздөмөлөр жана аларга каршы күрөшүү боюнча маалыматтар берилген. Күрүчтүн отоо чөптөрүнө колдонулуучу гербициддердин базар баасы көрсөтүлгөн. Күрүчтүн зыянкечтеринен: отоо чөптөр, оорууну козгогучтар, курт-кумурскалар, нематоддор, кемирүүчүлөр жана канаттуулардын таасири да келтирилген. Зыянкечтер пестициддерди туура эмес колдонууда, туура эмес өстүрүүдө жана азоттук жер семирткичтерди нормада пайдаланбаганда көбөйөт. Нематоддордун бир нече түрлөрү да күрүчтү жабыркатышат. Алар төмөнкү ооруларды козгойт: сабактын дитиленти, күрүч афеленхи ж.б. Мындан тышкары аба-ырайынын да таасири болот. Башкача айтканда, түшүмдүүлүктү жакшы деңгээлде алуу үчүн зыянкечтердин азайып же көбөйүп бара жаткандыгын көзөмөлгө алып туруу боюнча маалыматтар келтирилген. Ушул маалыматтар боюнча ар бир дыйкандын күрүчтү себүү, өстүрүү жана зыянкечтерге каршы күрөшүү өзгөчөлүктөрү баяндалган.*

***Негизги сөдөр:** гербицид, отоо чөп, зыянкеч, күрүч, минералдык жер семирткичтер, органикалык жер семирткичтер, базагран, гулливер, рейнбоу, амин туздары.*

*В данной статье приведены информации сорняках риса «Ак-Турпак» и других сортов, выращиваемых в Баткенской области. Вредителями риса являются: сорные растения, возбудители болезней, насекомые, нематоды, грызуны и птицы. Количество вредителей возрастает в случае: не правильном использовании пестицидов, не правильном выращивании и не использовании азотных удобрений в достаточном количестве. Кроме этого галлицы риса и тли увеличивается при дождевой погоде. Некоторые виды немотодов убивают рис. Они ведут к следующим болезням: дитиленты стебля, афеленхи риса и др. Нематод корня риса вызывает миграционные эндопаразиты, оно начинается в позднем цветении риса, понижает урожайность. Облигатные паразиты понижают уражайность и стойкость против вредителей. Кроме этого есть влияние климата. Чтобы повысить урожайность на вышем уровне надо узнать количество вредителей. По этим данным были приведены посев риса каждого крестьянина, методы выращивания и борьба против вредителей.*

***Ключевые слова:** гербицид, сорняки, вредитель, рис, минеральные удобрения, органические удобрения, базагран, гулливер, рейнбоу, амин соли.*

*This article contains information about the cultivation of «Ak-Turpak» rice and weeds of other varieties in the Batken region. Information on the general characteristics of weeds and their control. Pest of rice: weed plants, insect pathogens, insects, nematodes, rodents and birds. The amount of pest increases in the case of: misuse of pesticides, not properly growing and not using nitrogen fertilizers in sufficient quantities. Besides this gall midges of rice and aphids increases in rain-conditions. Some types of non-modulators kill rice. They lead to the following diseases: styliteditlents, aphelenchia and rice, etc. Nematodes of rice roots cause migratory endoparasites, it begins in late flowering of rice, reduces urachainity. Besides the lobateparasites reduce the yield and resistance to pests. Besides this there is the influence of climate. In order to increase the yield at the highest level, it is necessary to find out the number of pests. According to these data, rice was sown for each peasant, methods of cultivation and pest control.*

***Key words:** herbicide, weeds, pest, rice, mineral fertilizers, organicfertilizers, bazagran, gulliver, reinboy, amin salt.*

**Киришүү.** Күрүч (Oruza) – бир жылдык жана көп жылдык дан өсүмдүктөр, бир үлүштүүлөр классындагы өсүмдүк тукуму. Сабагы түбүнөн бутактайт, тик муун аралыгы көңдөй. Жалбырагы тасмадай, жалбырак кучагы ачык, сабагы кезектешип жайгашат, топ гүлү – машак. Мөмөсү – дан, азык катары пайдаланылат [1]. Өстүрүү үчүн абдан ыңгайлуу шарттар керек, суукка чыдамсыз. Күрүч абдан нымды сүйөт, анын өркүнү сууда гана өсөт. Уругу +10+12$^0$С температурада өнөт [2]. Зыяндуу отоо чөптөрү да бар. Күрүчтүн отоо чөптөрүнө тоок таруусу, камыш, тамыр камыш ж.б. кирет.Тоок таруусу бир үлүштүүлөр классына кирет, сабагынын узундугу 15-100 см, жалбырагынын кеңдиги 2,5 см ге чейин болот, гүлү шыпыргы узундугу 20 см ге чейин жетет, июлдан – сентябрга чейин гүлдөйт. Камыш бир үлүштүү, көп жылдык өсүмдүк. Сабагы цилиндр, бийиктиги 2,5 м ге чейин жетет. Тамыр камыш көп жылдык чөп өсүмдүгү, бийиктиги 50 см ден 100 см ге чейин болот, сабагы үч грандуу. Жалбырагы ланцент, кеңдиги 3-8 мм, гүлү зонтик. Баткен Ак-Турпак күрүчүн себүү 25-майдан 5-июнга чейинки аралыктарда жүргүзүлөт. Алгач урукту жууп, жылуурак сууга жибитет. Нормалдуу температурада урук өнөт. Урук өнүп даяр болгонго чейин, жер даярдалат. Даяр

болгон жерге суу айдалат да, трактор менен ылаймач кылынат. Суунун температурасы +12 Сден жогору болуш керек. Өнгөн урук 1 га 150 кг чейин себилет. Бирок урукту себүү да топурактын составына карата болот. Себилгенден кийин температура нормалдуу болсо 7-15 күнгө чейин өнүп чыгат. Өнгөндөн кийин химиялык жер семирткичтер азыраак өлчөмдө берилет. Өсүү процесси жылуу сууда тез жүрөт. Шартына карай жер семирткичтер тынымсыз өзүнүн нормасында берилип турат. Эгилгенден кийин 1 ай убакытка чейин отоо чөптөр үчүн гербициддер чачылат. Гербициддерди күрүч талаасындагы сууну кургатып, андан кийин чачышат. Андан кийин отоо чөптөрдүн толук жок болушу 10 күндүн аралыгында байкалат. Эгерде отоо чөптөр калган болсо, кайрадан гербициддер чачылат. Өсүү процесси тынымсыз жүрүп турат. Жер семирткичтер да өзүнүн нормасында, башкача айтканда 100 кг ар 10 күндө колдонулат. 40-60 күнгө чейин тынымсыз минералдык, органикалык жер семирткичтер колдонулат. 60-күндөн кийин гүлдөө процесси башталат. Гүлдөгөндөн кийин даны дайын болот [3].

Ал эми Баткен «Ак-Турпак» күрүчүн өстүрүүдө да дыйкандар байыркы ата-бабалардын технологиясын колдонушуп келүүдө. Алар күрүчтүн нормалдуу өсүп, түшүм берүүсү үчүн минералдык жана органикалык жер семирткичтерди (канаттуулардын кыгы), отоо чөптөргө гербициддерди пайдаланышат. Анда эмесе төмөндө биз Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн дыйкандарына жолугуп, күрүчтү себүү-өстүрүү жана отоо чөптөргө каршы күрөшүү боюнча маалыматтарды алдык.

Ак-Турпак айыл өкмөтү, Бүргөндү айылы. Дыйкан Арыпов Абдулбасит Быйылкы жылы дыйкан Арыпов Абдулбасит күрүчтүн Лазер, Ак-Турпак (Жайдари-девзире), Андижан деген сортторун сепкен. Лазер сорту 1 сотыхка 2 кг га чейин себүү эсепке алынып, 1-2-майда 1 га жерге себилген. Бул урук эрте себилип, суунун температурасы да бир кыйла төмөнүрөөк болгондуктан 10 күндө өнүп чыккан. Айдалгандан 20-30 күн аралыгында карбамид, нитроаммофос жер семирткичтерин шалынын боюн өстүрүү, жерди көптүрүү үчүн пайдаланган. Ал эми ушул эле аралыкта отоо чөптөр үчүн, Рейнбоу, Базагран гербициддерин колдонгон.

Арыпов Абдулбасит күрүчтүн Ак-Турпак (Жайдари - девзире) сортун 1-июнда 1 га жер аянтына себишкен. 1 сотыхка 1,5 кг шалыны себүү эсептелинген. Айдоо-себүү иштеринен кийин, урук өнүп чыккандан 15 күн аралыгында мочевина берилген. Ар 15 күндөн кийин атайын минералдык, органикалык жер семирткичтерди, отоо чөптөр үчүн гербициддерди колдонот. Шалы өскөн палдагы суунун температурасы 15-20$^0$С. Суу кирген жердеги суунун температурасы төмөнүрөөк, ал эми ылдыйлаган сайын суу жылыйт. Ак-Турпак күрүчү бышып жетилгенге чейин 1 сотыхка 6 кг чейин жер семирткичтер керектелет. Гербициддерден Базагран, Гулливерди колдонот. Азыркы учурда жер семирткичтер тегиз чачылбагандыктан шалынын жарымы сары-жашыл болуп тургандыгын көрдүк. Бул сорт 65-70 күндө гүлдөйт да, 110-120 күнгө калбай бышат.

Арыпов Абдулбаситтин дыйканчылык иштериндеги өзгөчөлүктөрү: атайын урукту эрте сепкен, себеби бул сортунун бышуу убагы 120-130 күн. Шалыны жууп тазалап сууга жибитпестен эле себишкен. Отоо чөптөрү үчүн да атайын гербициддердин түрүн колдонгон. Шалы бышканга чейин 1 сотых жерге 10 кг чейин азот сарпталат.

Учурда шалы үч, төрт жалбырак чыгарып, бийиктиги 40-45 см ге чейин жеткен. Шалы өскөн палдагы суунун температурасы 15-20$^0$С га чейин жетет. 85 күндөн кийин гүлдөө процесси башталат да, 120-130 күндө бышып, оруп-жыйуу болот.

Ак-Турпак айыл өкмөтү, Жаңы-Жер айылы. Дыйкан Жалилов Пазлидин Жалилов Пазлидин 1-майда 2 га жер аянтына күрүчтүн Ак-Турпак сортун сепкен. Урук 10 күндө өнүп жер бетине чыккандан кийин, 20 күндө карбамид-мочевинаны 1 сотыхка 1 кг, 35 күн болгодо 1 сотыхка 2 кг, 62 күндө 1 сотыхка 2 кг, 80 күндө 1 сотыхка 1,5 кг себишет. Отоо чөптөрүнө каршы гербициддер Рейнбоу, Базагранды колдонушат.

Жалилов Пазлидиндин дыйканчылык иштериндеги өзгөчөлүктөрү: отоо чөптөргө гербициддерди бир эле жолу пайдалануу менен жок кылат. Шалы чыккандан 20 күндөн кийин, гербициддерди чачышат, ошол учурдан баштап шалы өскөн палда 10-15 күнгө чейин сууну кургатпоо керек. Суу кургап калса отоо чөптөр толугу менен жок болбой калат. Бул сортту өтө бийик өсүп кетүүсүнө жол койбойт, себеби шире түшүп түшүмдүүлүгү начарлайт.

Учурда себилгенине 60 күн болуп, 3-4 жалбырак чыгарган. Бийиктиги 35-40 смге жеткен. Шалы өскөн палдагы суунун температурасы 18-20$^0$ С жетет. 105-110 күндөн кийин бышып, оруп-жыйуу иштери башталат.

Күрүчтүн Лазер сортун 1 га жер аянтына айдаган. Ак-Турпак күрүчүнөн айрымасы 120-130 күндө бышат да, 5 жолу минералдык, органикалык жер семирткичтер берилет. Лазер сортунун түшүмдүүлүгү да жогору болот.

Ак-Турпак айыл өкмөтү, Жаңы-Жер айылы. Дыйкан Жолчубай уулу Сайдумар Күрүчтүн Ак-Турпак (жайдари-девзире) сортун 10-майда 2га жер аянтына себишкен. Себилгенден 10 күн аралыгында урук өнүп чыккан. Ар 15-20 күндө мочевина, аммофос берилген. Шалынын отоо чөптөрүнө каршы гер-

бициддер Базагран, Гулливерди жана амин туздарын пайдаланышат. Гербициддердин базар баасы, канча өлчөмдө колдонуу төмөндөгү таблицада берилген. Туура эмес гербициддерди пайдаланышкандыктанбы отоо чөптөр жоголгон эмес. Өсүү процесси жылуу сууда тез жүрөт. Шартына карай жер семирткичтер тынымсыз өзүнүн нормасында берилип турат. Эгилгенден кийин 1 ай убакытка чейин отоо чөптөр үчүн гербициддер чачылат. Гербициддерди күрүч талаасындагы сууну кургатып, андан кийин чачышат. Андан кийин отоо чөптөрдүн толук жок болушу 10 күндүн аралыгында байкалат. Эгерде отоо чөптөр калган болсо, кайрадан гербициддер чачылат. Өсүү процесси тынымсыз жүрүп турат. Жер семирткичтер да өзүнүн нормасында, башкача айтканда ар 10 күндө колдонулат. 40-60 күнгө чейин тынымсыз минералдык, органикалык жер семирткичтер колдонулат. 60-күндөн кийин гүлдөө процесси башталат. Гүлдөгөндөн кийин даны дайын болот. Андан кийин жер семирткичтер дагы колдонулат. Себеби жер арык болсо, шалы саргайып, түшүмдүүлүк начар болуп калышы мүмкүн. Дан пайда болгондон кийи, муздак суу айдалбайт, түгөп калса муздак суудан азыраак толтурулат. Жайдын күнү суу өтө муздак болот, себеби мөңгүлөр эрип түшөт. Эгерде күрүч талаасына суу алыстан агып келе турган болсо, жылуурак болот да, дайыма суугарып турууга болот. Күрүч бышууга келгенде саргайып, 90 күндө байкалат. 100-110 күндө сууну таштайт, 5-7 күн аралыгында сууну кургатуу керек. Андан кийин күрүчтү оруп-жыйноо башталат. Эгерде күрүч эгилген талаа (пал) чоң болсо комбайн, ал эми чакан болсо колдо орулат. Колдо орулган күрүч таза болот.

*Таблица 1*

**Күрүчтүн отоо чөптөрүнө колдонулуучу гербициддер**

| № | Гербициддердин аты | Баасы, сом | л/га |
|---|---|---|---|
| 1. | Рейнбоу | 3800 | 1л/ 1га |
| 2. | Гулливер | 4000 | 1л/1га |
| 3. | Базагран | 800 | 4л/1га |
| 4. | Амин туздары | 450 | 1л/1га |

Күрүчтүн ооруулары жана зыянкечтери: Күрүчтүн түшүмдүүлүгүн төмөндөтүүчү анын зыянкечтери микроб же организм деп аталат. Күрүчтүн зыянкечтери: отоо чөптөр, ооруну козгогучтар, курт-кумурскалар, нематоддор, кемирүүчүлөр жана канаттуулар. Зыянкечтер пестициддерди туура эмес колдонууда, туура эмес өстүрүүдө жана азоттук жер семирткичтерди нормада пайдаланбаганда көбөйөт. Мындан тышкары аба-ырайынын да таасири болот. Мисалы, күрүчтүн можучулары жана чөп үкү көпөлөктөрү жамгыр көп жааган учурда көбөйүшөт. Нематоддордун бир нече түрлөрү да күрүчтү жабыркатышат. Алар төмөнкү ооруларды козгойт: сабактын дитиленти, күрүч афеленхи ж.б. Күрүчтүн тамыр нематодду миграциондук эндопаразитти козгойт, ал күрүчтүн өсүшүнүн кечки стадияларында башталып, түшүмдүүлүктү төмөндөтөт. Облигаттык мителер да күрүчтүн өсүүсүн жана зыянкечтерге туруктуулугун начарлатат [4].

Окумуштуулар өсүмдүктөрдүн зыянкечтерине каршы күрөшүү усулдарын иштеп, айыл-чарбасынын өнүгүшүнө салым кошууда. Башкача айтканда, түшүмдүүлүктү жакшы деңгээлде алуу үчүн зыянкечтердин азайып, же көбөйүп бара жаткандыгын көзөмөлгө алып туруу керек. Зыянкечтерге каршы күрөшүүнүн 4 принциби бар: биокөптүрдүүлүк, өсүмдүкээсинин карама-каршылыгы, ландшафттык экология жана ландшафттык иерархия биологиялыктан социалдыкка чейин [4].

**Жыйынтык.** Азыркы убакта күрүчтүн зыяндуу отоо чөптөрүнө каршы күрөшүүдө гербициддер, пестициддер колдонулат жана күрүчтүн сорттору да зыянкечтерге туруктуу келет. Зыянкеч курт-кумурскалар үчүн инсектициддер колдонулат. Кээде инсектициддерди туура эмес пайдаланууда зыянкеч курт-кумурскалардын көбөйүп кетишине шарт түзүлөт. Күрүчтүн түшүмдүүлүгүн жогорку деңгээлде алуу үчүн отоо чөптөрүнө каршы күрөшүү керек.

**Адабияттар:**


1. Большая советская энциклопедия. - Рис. - Т.38. - 1964.
2. Вавилов П.П., Кузнецов В.С., Гриценко В.В. Растениеводство. - М., 1981.
3. Смаилов Э.А., Самиева Ж.Т., Смаилова Х.Э. Рис- уникальная культура. - Бишкек, 2011.
4. Суюндуков У.А. Продуктивность риса пожнивного в зависимости от сроков и способов посева в условиях Ферганской долины Кыргызской Республики: Автореф. дис. канд. с./х. н. - Бишкек, 2005.


**Рецензент: к.биол.н., доцент Омурзакова Г.Т.**

*Акбарова М.Х.*

# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН *ASTERACEAEL*-ТАТААЛ ГУЛДӨР ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨ КИРҮҮЧҮ КЕЛЕЧЕКТҮҮ ЖАПАЙЫ ДАРЫ-ДАРМЕК ӨСҮМДҮКТӨРҮ

*Акбарова М.Х.*

# ПЕРСПЕКТИВНЫЕ ДИКОРАСТУЩИЕ ЛЕКАРСТВЕННЫЕ РАСТЕНИЯ СЕМЕЙСТВА СЛОЖНОЦВЕТНЫХ-*ASTERACEAEL* ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ

*M.Kh. Akbarova*

# PERSPECTIVE WILD-GROWING MEDICINAL PLANTS OF THE FAMILY COLOR-COLOR- *ASTERACEAEL* OF THE FERGANA VALLEY

*УДК: 582.998+581.41*

*Макалада Фергана өрөөнүндөгү татаал гулдөр үй-бүлөсүнө кирүүчү келечектүү жапайы дары-дармек өсүмдүктөр жөнүндө сөз болуп жатат жана AsteraceaeL. үй-бүлөсүнө кирүүчү кээ бир дары-дармек өсүмдүктөр боюнча маалыматтар берилген. Фергана өрөөнү татаал гулдөр үй-бүлөсүнө кирүүчү жапайы дары-дармек өсүмдүктөргө бай. Акыркы кезде айлана чөйрөгө антропогендик таасир этүүнүн көбөйгөнүнө байланыштуу өтө керектүү болгон дары-дармек өсүмдүктөрдүн аянты азайып баратат, же болбосо такыр жоголуп жатат. Жапайы дары-дармек өсүмдүктөрдүн запасы жетиштүү, бирок алар рационалдуу пайдаланылбаса кооптуу кыскарууга алып келүүсү мүмкүн. Ошондуктан мындай өсүмдүктөрдүн ресурстарын коргоо зарыл. Бул багытта алгач аткарылышы зарыл болгон иштерден бири дары-дармек өсүмдүктөрдү жыйноодо жапайы усулдардан пайдаланууга каршы күрөш болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *фитопрепараттар, биологиялык активдүү заттар (БАЗ), кумариндер, терпендер, лактондор, инулин, декстрин, алкалоиддер, регрессия.*

*В статье говорится о перспективных лекарственных видах семейства сложноцветных в Ферганской долине и приводятся сведения о некоторых целебных растениях семейства AsteraceaeL. Ферганская долина богата дикорастущими лекарственными травами и кустарниками из семейства сложноцветных. В последнее время вследствие усиления всего комплекса антропогенных воздействий на природную среду происходит значительное сокращение площадей, занятых популяциями ценных лекарственных растений, а зачастую и их полное исчезновение. Запасы дикорастущих лекарственных растений достаточно велики, но неразумное уничтожение зарослей может привести к сокращению этих запасов. Итак, необходимо охранять ресурсы наших отечественных лекарственных фондов. Первым неотложным шагом в этом направлении мы считаем разработку действенных мер борьбы с хищническими методами сбора лекарственных растений.*

***Ключевые слова:*** *фитопрепараты, биологически активные вещества (БАВ), кумарины, терпены, лактоны, гликозид, декстрин, алкалоиды, регрессия.*

*This article considers about the perspective therapeutic flower which includes the complex flowers family in Fergana valley and it gives some information about therapeutic plants which includes the family of Asteraceael. Fergana Valley is rich in wild medicinal herbs and shrubs from the family of Compositae. Recently, due to the intensification of the entire complex of anthropogenic influences on the natural environment, there is a significant reduction in areas occupied by populations of valuable medicinal plants, and often their complete disappearance. Stocks of wild medicinal plants are large enough, but unreasonable destruction of thickets can lead to a reduction in these stocks. So, it is necessary to protect the resources of our domestic medicines. The first urgent step in this direction is the development of effective measures to combat predatory methods of collecting medicinal plants.*

***Key words:*** *phytomedication, biological active substances, coumarins, terpenes, lactone, inulin, dextrin, alkaloid, regression.*

В настоящее время во всем мире наблюдается большой интерес к народной медицине, которая основана на разные растения. Лекарственными растениями называют те растения, которые в медицинской практике используются для лечения или профилактики (предупреждения) болезней людей или животных. Для лечения или профилактики болезней из определенных органов растений готовят лекарственные формы (настои, отвары, настойки, экстракты и другие), готовят лекарственные препараты – фитопрепараты. Растительным лекарственным сырьем может быть любой орган любого растения, где максимально накапливаются основные биологически активные вещества (БАВ): листья, цветы, вся надземная часть – трава, почки, плоды, семена, кора, корни, корневище, корневище с корнями, клубни, луковица и другие органы растений.

Представители семейства Астровых (Asteraceae L.) – это пищевые, лекарственные и кормовые растения. В их составе есть различные химические соединения (кумарины, терпены, лактоны).

Ферганская долина богата дикорастущими лекарственными травами и кустарниками из семейства сложноцветных, такими, как *Achilleamillefolium* (тысячелистник обыкновенный), *Cichoriumintybus* (цикорий обыкновенный), *Artemisiadracunculus* (полынь